Ж.Маматжанов атындагы №58 орто мектебинин Олимпиадага катышкан окуучулардын ата энелери менен сүйлөшүү чогулушунун

Протоколу.

Катышканы: 22

Күнү: 10.11.2022- жыл.

Каралуучу маселе:

1. Канткенде биздин окуучулар Олимпиададан алдынкы орундарга алат.

Угулду: Мектеп директору эн оболу ата энелер менен саламдашып, ал абал сурашып чогулушту ачты. Бүгүнкү чогулуштун максатын ата энелерге түшүндүрүп айтып,

Олимпиадага даярдоо менен окуучулардын билимин бекемделип, кесип тандоодо чон жардам болорун айтып өттү. Өткөн жылы 84 мектептин ичинен эн күчтүү деген балдар тандалды. Ошол мектептердин ичинен биздин мектептен дагы 4 бала алдынкы орунга өттү.Ошол 4 окуучу"Рекорт" окуу борборуна жөнөтүлгөндүгүн айтып, ушул Олимпиадага тандалган окуучуларды дагы предметтик мугалимдер жыл бою даярдоосун түшүндүрүп өттү ата – энелерге.

Мисал кылып биология мугалими Гулнара эжеке 9-б класстын окуучусу Абдижалилова Анжелини мектепте убакыт тапса үйүндө даярдады эле жыйынтыгында Олимпидадан Абдижалилова Анжели 1- орунду алды деп кубануу менен айтты эжеке. Эгер ата энелер сиздердин да балдарды мугалимдер ушундай клып үйлөрүнө чакырып окутса жөнөтөсүздөрбү деген суроону берди ата энелерге.

Ата- энелер туура көрүп макулдугун билдиришти. Ошону менен бирге мүмкүн болсо эркек балдарды көбраак тарып , эркек балдарды даярдоону сунуштады эжеке.

Сөз жарышка ОББ Сыргабаева Дамира эжеке чыгып Олимпиадага даярдай турган мугалимдер менен ата энелерди тааныштырды.Ата- эне менен мугалимдин ортосунда тыгыз байланышта болуп ошол даярдоодогу окуучу ата эне менен мугалимдин баласы болорун басса белгиледи.

Мектеп директору Тойкулова Мерикан эжеке ата энелер менен мугалимдер жок эле дегенде, бир айда бир жолу жолугуп туруу сунушун айтты. Ата энелер дагы мугалимдер дагы туура көрүп макулдугун айтып келерки айда 8- декабрда саат 3кө жолугушууну белгилешти.

Сөз жарышка биология мугалими Гулнара эжеке чыгып Г.Мадаминовтун сөзү окуучунун бир канаты ата- эне , бир канаты мугалим деп сөз баштады.

Бул Олимпиадага баратурган балдардын ар биринин үмүтү Олимпиданан 1- орунду алалы деген үмүтү болот, ошол үчүн эки тараптан тыгыз байланышта болуп жардам берели деди. Бул окуучулардын өмүр бою эсинде кала турган көз ирмемдер эн

Сканировано с CamScanner

бактылуу мезгилдери. Мисалы мен өзүм Олимпиадага барган күндү азыргача унута элекмин деп өзүн мисал кылып толкундануу менен айтты.

Аталган мектептен 674 окуучудан 29 окуучунун ата энеси эң алдыңкы окуучулардын атат – энеси болуп келдиңиздер бул сиздер үчүн да чоң сыймык, ал эми биз сиздердей ата энелер менен сыймыктанабыз деп сөзүн жыйынтыктады.

Сөз кезеги ата энелерге берилип жалпы ата-энелердин атынан Гулдана эже мугалимдердин иштерине ийгилик деп , каалоо тилектерин айтты. Биздин балдарыбыздын ийгилигинин жана жетишкендиктеринин артында мугалимдер сиздердин эмгегиңиздер чоң деп ыраазычылыгын билдирди.

Сөз жарышка ата-энe Гулипа эже чыгып мугалимдердин кылып жаткан иш аракеттерине абдан раазы болуп,ушундай аракетте экенсиздер биздин балдардын келечеги жарык экенине ишенем деп , мугалимдерге ден соолук , иштерине ийгилик , үй бүлөөлүк бакыт каалап сөзүн жыйынтыктады.

Токтом.

Жогорудагы сүйлөшүүлүрдүн жыйынтыгында ата-энелер менен мугалимдер тыгыз байланышта болуп, Олимпидага окуучуларды даярдоо милдеттендирилсин.

Аларды көзөмөлдөө ОББ Сыргабаева Дамира эжекеге бекитилсин.

Мектеп директору Тойкулова М.

Сканировано с CamScanner